***КӨРКӨМ КОТОРМОНУН ТЕОРИЯСЫ***
***ТЕОРИЯ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ПЕРЕВОДА***
***THEORY OF LITERARY TRANSLATION***

**УДК:82.035.81.2**

***Туратбеков К.,***
*КР УИАнын илимий кызматкери*

# АМАН ТОКТОГУЛОВДУН «МЕНИН ДАГСТАНЫМ» ЧЫГАРМАСЫН КОТОРУУДАГЫ АРАКЕТТЕРИ

***Туратбеков К.,***
*Научный НАН КР*

# ТВОРЧЕСКИЕ УСИЛИЯ А.ТОКТОГУЛОВА ПРИ ПЕРЕВОДЕ ПРОИЗВЕДЕНИЯ «МОЙ ДАГЕСТАН»

***Turatbekov T.***
*Researcher at the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

# "MY DAGESTAN" TRANSLATED BY USILIA AMANA TOKTOGULOVA

**Аннотация:** Макалада Аман Токтогуловдун котормо жанрындагы чеберчилиги Авар эл акыны Расул Гамзатовдун «Менин Дагстаным» прозалык чыгармасынын мисалында анализге алынат. Бул чыгарма кыргыз окурмандарына Аман Токтогуловдун чебер котормосу аркылуу кеңири тарап, кезегинде окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган. Чыгарманын ийгилиги – Р.Гамзатовдун берейин деген оюн, идеясын, көркөм-поэтикалык табитин дал өзүндөй ачып бергендиги менен бааланат. Автордун көркөм концепциясын, каармандардын мүнөздөрүн, диалог, монолог, пейзаждык сүрөттөө, лирикалык чегинүү өңдүү көркөм адабияттын жанрдык талаптарын өз нугунда, чебер котормонун мүмкүнчүлүктөрү аркылуу ачып берүүгө жетишкен А.Токтогуловдун котормочулук чеберчилигине баа берилет.
***Түйүндүү сөздөр:*** *“Менин Дагстаным”, котормо, чеберчилик, тема, идея, концепция, жанр, мүнөз.*
**Аннотация:** В данной статье анализируется мастерство Амана Токтогулова в жанре перевода на примере прозаического произведения «Мой Дагестан» народного поэта Дагестана Расула Гамзатова. Ведь данное произведение широко распространилось среди кыргызских читателей благодаря умелому переводу Амана Токтогулова и, в свою очередь, было тепло встречено читателями. Успех произведения оценивается тем, что мысли, идеи, художественно-поэтический вкус Р. Гамзатова был не утрачен в переводе. Оценивается переводческое мастерство А. Токтогулова, сумевшего раскрыть художественную концепцию автора, характеры персонажей, жанровые требования художественной литературы, такие как диалог, монолог, пейзажная живопись, лирическое отступление, на собственном ходу, через возможности умелого перевода.
***Ключевые слова:*** *“Мой Дагестан”, перевод, мастерство, тема, идея, концепция, жанр, характер.*
**Abstract:** In this article, mastery Amana Toktogulova is analyzed in the genre of translation on the example of prose production «Moi Dagestan» folk poem Dagestan Rasula Gamzatova. After all, the product was published in the middle of the Kyrgyz reading of the future translation by Amana Toktogulova, in her turn, there was a warm meeting of readers. The success of translation of the production is appreciated by the theme, which is thought, idea, artistic and poetic taste of R. Gamzatova was not a morning. A translation mastery is evaluated. Toktogulova, to reveal the artistic concept of the author, the character of the character, genre of trebovaniya artistic literature, such as dialogue, monologue, landscape painting, lyrical rejection, in the own way, through the possibility of a mental translation.
***Key words:*** *“Moi Dagstan”, translation, mastery, theme, idea, concept, genre, character.*

Аман Токтогуловдун ысымын алыска тааныткан котормолорунун бири – дал ушул “Менин Дагстаным”. Анткени ал 1972-73-жылдары Авар эл акыны Расул Гамзатовдун аталган чыгармасын кыргыз тилине оодарып, окурмандарга тартуулаган. Белгилей кетүүчү жагдай, котормо дароо эле окурмандар тарабынан кызуу колдоо таап, эл сүймөнчүгүнө айланган китептердин катарын толуктаган. Албетте, котормонун мындай ийгиликке ээ болушу бир катар объективдүү, субъективдүү себептерге негизделген. Адегенде эле айта кетүүчү жагдай, чыгарманын автору буга чейин коомчулукка акын катары таанылып, атактуу жазуучу Григол Абашидзенин баамында, “...алгачкы ырларында ал бизге туулуп-өскөн тоосунун түбөлүк кары, бороондуу дарыялары менен кайталангыс коздугун гана сезбестен, өзү чоңоюп-өскөн, ата-энесинин намысын коргогон адамдардын асылдыгын, айкөлдүгүн, кайраттуулугун” [1, 201-б.] даңазалаган акын катары белгилүү болсо, “Менин Дагстаным” алгачкы прозалык чыгармасы катары авторду жаңы бийиктикке жетелеген.

Эки китептен турган “Менин Дагстаным” чыгармасы 1967-жылы авар тилинде жазыла баштаганы менен, биринчи китеби “Роман-газета” журналынын 1968-жылдагы №14 санына

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Владимир Солоухиндин котормосу аркылуу орус тилинде окурмандарга жеткен. Чыгарманын экинчи китеби 1970-жылдын 25-сентябрында жазылып бүткөн.

Ошентип, советтик адабий коомчулукта буга чейин жанрдык-тематикалык, сюжеттик-композициялык, идеялык-эстетикалык жактан түп тамырынан айырмаланып, бөтөнчөлөнүп турган Р.Гамзатовдун алгачкы прозалык чыгармасы (“Менин Дагстаным”) адабият таануучулардын, сынчылардын, котормочулардын көңүлүн дароо өзүнө бурган. Айталы, атактуу жазуучу Ч.Айтматов өзүнүн “Талант” аттуу макаласында мындай деп жазат: “...Гамзатовдун чыгармачылыгы мен окуган эч бир чыгармага окшобойт. Жанр жагынан алып караганда, балким, дүйнөлүк адабиятта буга окшош эч нерсе жоктур. Жанр эле дейсиңерби? "Менин Дагстаным" китебинин формасын эксперттер аныкташсын. Андан да маанилүүсү, ал тынымсыз шыктануу менен окулуп, ойду ойготуп, жан дүйнөсүн козгоп, ар түрдүү тажрыйбаларды – кубаныч, азап, күлкү, таң калуу жана биздин чындыкты түшүнүүдөгү ийгиликке сыймыктануу менен коштолгондугунда” [3, 4-б.].

Калетсиз баа... Себеби чыгарманы окуган адамдар аны адабияттын салттуу жанрларынын бирине да сыйдыра алышпайт. Бул – чыгарманын негизги өзгөчөлүгү. Мындай пикирди ошол учурдагы бир катар таанымал адабиятчы-сынчылар, жазуучулар да кубатташкан. Алардын ичинде Ч.Айтматовдун пикирине таянуу менен дагестан жазуучусу Камал Абуков: “Менин Дагстаным” - бул традиция жана инновация жөнүндө, социалисттик реализм искусствосундагы улуттук жана интернационалдуулук жөнүндө толкунданган ой-пикирлердин китеби. Бул жерде адабияттын улуттук башаты, анын улуттук турмуш менен байланышы тууралуу суроолор көтөрүлөт” [2, 77-б.], - дейт.

Чынында, Р.Гамзатовдун бул китебинин жогору бааланышы ошол учурдагы советтик идеологиянын бирдиктүү саясатынын: улуттар ортосундагы достук, интернационалдуулук, граждандуулук, патриоттуулук, атуул жана ата журт идеяларынын тамырын аз сандуу улуттук уңгудан карап, өзү чоңойгон тар чөйрөдөгү маселелерди дүйнөлүк олуттуу масштабга көтөрүп чыгып, тартынбай айткандыгы менен түшүндүрсө да болот. Демек, “Менин Дагстаным” чыгармасында камтылган ар тараптуу маселелер изилдөөчүлөрдүн баамында совет өлкөлөрүнүн курамында турган майда улуттардын гана маселелери эмес, бүткүл адамзатты түйшөлткөн терең мазмундуу проблемалар менен үндөш болгондугунда...

Бул мааниде изилдөөчү Халимат Магомедова өзүнүн “Расул Гамзатовдун прозасы: жанрдык өзгөчөлүктөрү” деген диссертациясында: “...Анын баалуулук багыттары мурунку муундардан мурас болуп калган эң мыкты жетишкендиктерди – адамдык акыл-эсти жана адеп-ахлакты сактоого жана бекемдөөгө багытталган” [11, 3-б.], - деп бекеринен белгилебесе керек.

“Менин Дагестаным” чыгармасынын кийкинки өзгөчөлүгү – анын мазмундук жана формалык өзгөчөлүгүнөн байкалат. Чыгарманын мындай өзгөчөлүгүн талдоого алган адабиятчы-илимпоздор андагы “китеп мыйзамына баш ийбеген” [4, 262-б.] жагдайларга ээ экендигин айтышат. Айталы, изилдөөчү Л.Анатопольский чыгарманы анализге алып жатып анын жогорудагы өзгөчөлүгүнө токтолгон учурда “... китеп жанрына эквивалент табуу аракети ийгиликсиз болуп жаткандыгын, анткени ал адабият илиминин канондору боюнча эмес, эркин формада жазылгандыктан, стандарттуу эместигин: Бул эмне? Очерк, эссеистикалык аңгеме, китеп-ыр, лирика менен сугарылган проза – толук эркин ыр саптары, турмуш жөнүндөгү баян, автобиографиялык баян” [4, 268-б.] өңдүү элементтерди камтыган уникалдуу көрүнүш экендигин баса белгилеген жайы бар.

Изилдөөчү Владимир Кочетов өзүнүн “Расул Гамзатов “Менин Дагстаным. Жанр жана каарман” аттуу макаласында чыгарманын жанрдык табияты тууралуу “Бүтүндөй китеп – башынан аягына чейин – лирикалык каармандын толкунданган монологунан сырткары, экспрессияга толгон, кээде жумшак, ак көңүл юморго бай. Китепте айтылган мисалдар, аңгемелер, уламыштар монологдун компоненттери болуп саналат” [5, 319-б.], - дейт.

Көрүнүп тургандай, чыгарманын мындай өзгөчөлүгү аны башка тилге оодаруу менен алек болгон котормочуларды да терең ойго салган. Ошондон улам, чыгарманын түп нускасын авар тилинен орус тилине оодаруу демилгесин колго алган котормочу Владимир Солоухин бүткүл күчүн сарптап, авар тилинин мүмкүнчүлүктөрүн орус тили аркылуу ачып берүүдө бир топ кыйынчылыктарга туш болгон.

Албетте, мындай кыйынчылыктарды чыгарма менен алгач таанышканда эле сезген адабиятчы-сынчы А.Токтогулов аны кыргыз тилине оодуруу идеясын көңүл түпкүрүндө бышырып, көп тармактуу чырмалышкан сюжеттик өзөгүнө сүңгүп кирүүдө улуттук нарк-насилдерди, каада-салтты көз жаздымда калтыра алган эмес. Сынчыл позициядан туруп караган, ар тараптуу көз караштарды электен өткөргөн. Автордун жан дүйнөсүнө сүңгүп кирүүгө аракет кылган. Ошентип, А.Токтогулов “Менин Дагстаным” чыгармасын которуу ишине өтө олуттуу мамиле жасаган. Бирок, адабиятчы сынчылар туура баамдашкандай, табияты боюнча татаал чыгарманы башка тилге которуу, анын авторунун идеясын туура чагылдыруу далалаты изилдөөчү Халимат Магомедованын белгилешине караганда “...котормо – улуттук, маданий, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарды сактаганда гана өзүнүн бар болуу маанисине ээ болот” [11, 7-б.] болчу.

Бул мааниде, А.Токтогулов түздөн-түз авар тилинен кыргыз тилине которбостон, В.Солоуховдун орус тилине оодарган үлгүсүнөн алып, аны кыргыз тилине жеткиликтүү которгонун баса белгилөө зарыл. Мында котормонун теориясы боюнча адис, филология илимдеринин доктору Н.К.Гарбовскийдин “Котормочу дал ушундай маданияттардын көп түрдүүлүгү жана бирдиктүү дүйнөлүк тилдин жоктугу шартында “бөлөк” маданиятты өздөштүрүүгө, аны универсалдуу системага айландырууга аргасыз болот” [8, 2-б.] деп айтканы туура. Анткени бөлөк маданиятты жеткиликтүү өздөштүрө билмейинче, ал тилдеги чыгарманы оодаруу иши бир топ кыйынчылыкты туудурат. Ошентсе да, көрөңгөлүү котормочунун алдыда турган тоскоолдуктарды жеңип өтүүгө жогоруда белгилеп өткөн субъективдүү мамилеси да, же болбосо, өзү акын катары Р.Гамзатовдун жан дүйнөсүн таанып билип, аны терең өздөштүрүшү себеп болгонсуйт. Бул жагдай, чыгармада кеңири колдонулган ыр саптарын которууда жардамга келгени да байкалат. Айталы, чыгарма башталганда эле ыр түрүндөгү эпиграф А.Токтогулов тарабынан мындайча которулган:

О, жолоочу, сен табарсың пейилиңен,
Биздин үйгө бир кайрыла кетпесең.
Жок, болбосо мен табайын пейилимен
Үйгө келип, ызат-сыйга жетпесең [6, 5-б.].

Эгерде, бул саптардын орус тилиндеги котормосуна назар салсак, анда В.Солоухин ырды мындай саптар менен берет:

Путник, если ты обойдешь мой дом,
Град и гром на тебя, град и гром!
Гость, если будешь сакле моей не рад,
Гром и град на меня, гром и град! [7, 78-б.].

Көрүнүп тургандай, эки котормодогу айырма асман менен жердей. Анткени А.Токтогулов өз котормосунда автордук ойду байыртадан келе жаткан кыргыз дүйнө таанымынын салтына таяп, жолоочуну сыйлоо, жолоочуну кадырлоо, эгер андай болбосо, чоң уятка калуу көз карашын эске алуу менен которгону байкалат. Ал эми В.Солоухин да өз котормосунда орус элинин салттуу көз караштарын, символдук элементтерин эске алып, автордук ойду славян элдеринин нукура түшүнүктөрүн пайдалануу менен которгону көрүнөт. Ошондуктан автордук тексттеги айтыла турган ой эки котормодо эки башка элдик түшүнүктө, эки башка көркөм каражаттар аркылуу, эки башка семантикалык, символикалык элементтер аркылуу ишке ашырылганын баса белгилөө керек. Мисалы, В.Солоухиндин котормосунда славян элдеринде байыртадан бери колдонулуп келген адабий-фольклордук мотивдер деп эсептелген “мөндүр”, “чагылган” өңдүү символдор пайдаланылган. Фольклордук символдордон адабий символдордун айырмасы алардын жаралуу жана калыптануу этаптарына байланыштуу экендигин белгилеген изилдөөчү М.Курбакова: “Символдордун жаралышы узакка созулган ыр жаратуу салты менен адам тагдырын табият көрүнүштөрүнө окшоштуруп салыштыруу, андан жашоого сабак алуу жагдайынан улам пайда болсо, мезгилдин өтүшү менен фольклордук символ улам кайталана берип, көндүмгө айланып, өз алдынча кубулуш катары карала баштаган. Ал эми адабий символдор ар тараптуу мааниге ээ болгондуктан, аларды аныктоо иши кыйынга турган” [12, 37-б.], – дейт. Дал ушул себептен өз кезегинде Гегель да “Эстетика” аттуу эмгегинде: “...биз мындай символикалык образдарды түз маанисиндеби, өтмө маанисиндеби, болбосо, же экөөнү бирдей карашыбыз керекпи?” [10, 14-б.], – деп жүйөөлүү суроону коёт.

Орусча котормодогу “мөндүр” менен “чагылган” да жолоочунун иш аракетине байланыштуу келип чыккан символикалык образдар экендигинде шек жок. Тек, изилдөөчү

М.Курбакова таамай белгилегендей: “Ал (мөңдүр) тексттин түзүлүшүндө белгилүү бир маанилик элементти аткарса, эмоционалдык планда ар түрдүү психологиялык абалдарды чагылдырат. Акыры, “мөндүр” чыгарманын кунарын арттырган өз алдынча көркөм каражат” [12, 47-б.], - деген тыянакка келет. Натыйжада, Владимир Солоухиндин котормосундагы жолоочуга байланышкан “чагылган” менен “мөндүр” адам менен табияттын эзелки байланышынан пайда болгон көркөм салыштыруу каражаты десек болот.

“Менин Дагстаным” – көп пландуу, курулушу татаал, мезгил алдында сырын төккөн, ой бөлүшкөн автордун жан дүйнөсүн, санааркоолорун философиялык, лирикалык, романтикалык маанайда баяндаган чыгарма. Ошол эле учурда, чыгарманын “кыймылдуу”, “жандуу” экенин адабиятчы-илимпоздор бир ооздон белгилешет. Ч.Айтматов калемгердин бул чыгармасына баа берип жатып: “...бир главадан экинчи главага өткөн сайын Гамзатов деңиз толкунундай жылып жүрөт. Кээде өйдө бийик көтөрүлсө, кээде күү менен ылдый кулап чачырайт... Анан толкун кайрадан кайталанат” [3, 4-б.], - дейт.

Бул “кыймыл” чыгармадагы окуялардын жүрүш ыраатына, баяндоочунун, образдардын көңүл-маанайына жараша өзгөрүп тургандыгын А.Токтогулов да баамдаган. Ошондуктан ал которуу ишинде автордун, образдын же баяндоочунун ал-абалын эске алган. Айталы, жогоруда сөз кылгандай эпиграфтар чыгармада бир нече ирет кездешкен, айтыла турган баяндын маңызын туюндуу милдетин аркалаган көркөм каражат болсо, главаларда колдонулган поэтикалык саптар акындын жан дүйнөсүн көрсөтүү милдетин аркалаган көркөм каражаттар экендиги шек туудурбайт.

Структуралык жактан да китепте анын кандай жазылгандыгы, кириш сөзү, формасы, маани-маңызы, кандайча ат коюлгандыгы ж.б тууралуу мазмундук бөлүктөрдү камтыйт. Ушунун өзү да чыгарманын спецификалуу өзгөчөлүгүн түзөт. Айталы, эпиграф менен башталган “Тема” деген бөлүм мындайча которулган:

Орусча котормосунда:

Не ломай дверь — она легко открывается ключом.

(Надпись на дверях)

Не говори: «Дайте мне тему».
Говори: «Дайте мне глаза».

(Совет молодому писателю)

Аман Токтогулов бул саптарды мындайча таржымалдайт:

Талкалайм деп лом издегенче,
ачкыч изде.

(Каалгадагы жазуу)

“Тема” бергиле дебе,
“Көзүм жок, көз бергиле”, де!

(Жаш жазуучуга кеңеш)

Көрүнүп тургандай, жогорудагы эпиграфтарды которууда семантикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болгон үлгүсү – биринчи эпиграф. Анткени орусча котормодо сураныч, өтүнүч идеясы жатса, А.Токтогуловдун котормосунда акыл-насаат мааниси орун алган. Же болбосо, А.Токтогулов келтирилген мисалдарды которууда эркин котормону, маанилик котормону пайдаланган.

Чынында, тигил же бул тилдеги көркөм тексттерди которууда кыйынчылыктардын бир нече эсеге жогорулашы – мыйзам ченемдүү көрүнүш катары каралууга тийиш. Айрыкча, биз талдоого алып жаткан авар тилиндеги “Менин Дагстаным” сындуу аз сандуу элдердин көркөм чыгармаларынын которулушу андагы маданияттардын ар түрдүүлүгү, тилдик-лексикалык, социалдык-маданий, улуттук-философиялык, тарыхый-этнографиялык көз караштардын болушуна байланыштуу келип чыгарын эске түйүү зарыл. Демек, мындай жагдайда котормочунун алдында бир эле мезгилде этнограф, философ, культуролог, тарыхчы ж.б. адистиктерди билүү жагдайы талап кылынат. Бул тууралуу изилдөөчү З.М.Маллаева: “Тилге караганда ар түрдүү маданияттар котормочу үчүн көбүрөөк тоскоолдуктарды жаратат, анткени, мындай учурда адабий салттар дагы ар бөлөк болот” [13, 349-б.], - деп мисал катары авар маданиятындагы аял затынын сулуулугун кекиликке салыштыруу орус маданиятында одоно көрүнүш экендигин, ал эми дагестан маданиятында кекилик – аял затынын сулуулук символу экендигин белгилейт.

А.Токтогулов чыгарманын айрым бир жерлеринде автордун тилдик-стилдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өзгөртпөстөн которгон учурлары бар. Айталы: “Мен өзүмдүн

сүйгөн адабий школаларым да, агымдарым да жок экенин айта кетким келет. Менин сүйгөн жазуучуларым, художниктерим, чеберелерим бар” [6, 50-б.]. Же болбосо: “Таланттан, жигердүүлүктөн кур калган, өз сыймыгын унуткан айрым художниктер да товарларын өткөрүү үчүн жаркырап көрүнгөн форманын ары жагына жарым-жарты ойлорун жашырып калам деген кыязда бөлөк бир кийимдер менен жасанып алышат” [6, 47-б.].

Жогорудагы мисалдарда айрым бир орус тилиндеги сөздөрдүн ошол калыбында берилиши – А.Токтогуловдун ал сөздөрдүн төл маанидеги котормосун билбегендигинен эмес, айтылып жаткан ой ээсинин тилдик бөтөнчөлүктөрүн так сактоо далалатынан улам келип чыккан. Айрым учурларда, авар элинин улуттук мүнөзүнө таандык көрүнүштөрдү орус тилине, башка тилдерге которууда да кетирилген каталыктар ошол элдин менталитетин, дүйнө кабылдоосун жеткилең билбегендиктен келип чыга тургандыгын изилдөөчү А.Д. Швейцер туура баамдап: “...мындай учурларда башкы тексттин негизинде метатекст, же биринчи тексттеги тилдик, маданий чөйрөнү алмаштырган экинчи текст келип чыгат. Бул процесс эки тилдин ортосундагы айырмачылыктарды, маданий-коммуникативдик кырдаалдарды өткөрүп берүү жагдайы менен мүнөздөлөт” [15, 75-б.], - дейт.

Которуудагы мындай жагдайлар автордун көз карашын, идеясын, эң башкысы, улуттук дүйнө таанымды чагылдырууда турмуш чындыгы менен дал келбей, котормочу тарабынан сунушталган экинчи тексттин (метатексттин) келип чыгышы котормонун деңгээлине өз таасирин тийгизбейби деген суроо жаралат. Эгерде, кайсы бир тилдеги улуттук өзгөчөлүктөрдү башка тилге которууда андай баалуулуктар жок болуп чыкса, метатексттин пайда болушу мыйзамдуу көрүнүшпү?

“Менин Дагстаным” чыгармасын орус тилине которууда жогоруда белгилеген тоскоолдуктар жаралып, котормочу В.Солоухин авар элине мүнөздүү болбогон айрым жагдайларга орун берген. Тагыраак айтканда, тексттеги төмөнкү котормодо жогоруда биз сөз кылган метатекст, же котормочу тарабынан сунушталган экинчи тексттин жаралган учуру байкалат: “Во двор моего дедушки ни разу не заходило ни одно четвероногое животное, кроме разве собаки да кошки. Едва ли он когда-нибудь спал под одеялом, едва ли он знал, что такое нижнее белье. Ни один доктор в мире не мог бы похвастаться тем, что осматривал Магомета, заглядывал ему в рот, щупал пульс, заставлял дышать его то глубже, то реже и вообще видел его тело. Никто не знал также у нас в ауле точных дат его рождения и смерти [7, 22-б.].

Изилдөөчү З.М.Маллаева бул тексттеги ит менен мышык котормочу тарабынан киргизилгенин, бирок, ит тууралуу бир ооз сөз болбогонун, негизги текстте мал-жандык тууралуу айтылганын, мусулмандар короосунда ит кармабаганын, иттин шилекейи менен жүнү ыпыластыкты билдирерин, ит – мал-жандыкты кайтарууда гана багыларын айтып келип: “... котормо – бул чыгармачылык процесс, анда котормочунун жекелиги, тексттин өзгөрүүгө дуушар болушу – аргасыз күтүлүүчү көрүнүш. Бирок ал котормонун эң башкы талабы болгон – оригинал үлгүдөгү мүнөздүү бөтөнчөлүктөрдү так сактоого милдеттүү” [13, 22-б.] - деп, В. Солоухиндин орус тилине которуудагы кемчилигин авар элинен менталитетине маани бербей, текстти которууда көркөм-эмоционалдуу компоненттерге берилип кеткенин сынга алат.

Дал ушул текстти А.Токтогулов мындайча которгон: “Ошол чоң атамдын мышык менен итинен башка адалдан түгү болгон эмес экен. Өмүрүндө жамбашы жыргап төшөккө жатканын, же бир ийни жыргап ич кийим кийгенин алладан башка жан билбейт. Магометти текшерип, оозун ачып көрүп, тамырларын кармап, дем ал, демиң чыгар демек тургай, деле денесин көргөн доктур бу дүйнөдө болбогонуна да кепил өтө берсек болот. Анан да биздин айылдан анын качан туулуп, качан өлгөнүн тагыраак билген киши жок” [6, 24-б.].

Көрүнүп тургандай, А.Токтогуловдун котормосу да орусча котормонун таасиринде калып, оригинал үлгүдөгү мааниден кыйла алыстап кеткен. Кошумча ойлор кошулуп, авар элинин менталитети менен келтирилген тексттин түп нускасы эске алынган эмес экен. А түп нускада ушул эле текстти түзмө-түз которгондо: “Мал-жандыктан башка жан бакпаган чоң таш сымал үйдүн короосунда кургак чөптү жазданып, ич кийим деген эмне экенин билбей, эзели төшөнчү жамынып көрбөгөн, бир да дарыгерге кайрылбаган, качан төрөлүп, качан өлгөнү белгисиз байкуш чоң атам” [13, 351-б.] - деген маани камтылып турган.

Эгерде, орусча котормо үлгүдө түп нускада айтылбаган “киринди” ойлор кайсы дегенде, биринчиден, “ит менен мышык” болсо, (оригиналда мал-жандык – К.Т.), экинчиден, “Магомеддин

денесин көрдүм деп мактана алган бир дагы дарыгердин болбогондугун" айтса жарашат. Ал эми кыргыз тилиндеги котормодо "кириндн" ойлордун катарында "адалдан түгү болбогону", "алладан башка жан билбегени", "бу дүйнөдө болбогонуна да кепил өтө бергенин" айтууга болот. Демек, котормочунун башкы милдети автордук ойду структуралык түзүлүшүн бузса да, маанисин бузбай так бергенинде.

Чыгарманын орус жана кыргыз тилдериндеги котормолорунда Р.Гамзатовдун оюнан оолактап кеткен учурлар арбын. Окумуштуулардын ойлоруна ылайык, мындай кемчиликтер, айрыкча, дагстан элинин аз сандуу авар калкынын дүйнө таанымын терең билбегендиктен келип чыккан. Мисал катары чыгарманын структуралык түзүлүшүндө "Чөнтөк дептерден" деп аталган бөлүктөрүнүн биринде авар элинин тилдик-этикет нормаларын одоно бузуп которгон учурлардан ачык байкалат. З.М.Маллаева орусча котормодогу төмөнкү мисалга токтолот: "Из записной книжки. Когда я был московским студентом, отец прислал мне денег на зимнее пальто. Получилось так, что деньги я истратил, а пальто не купил. *На зимние каникулы в Дагестан пришлось ехать в том же, в чем уехал летом в Москву.* Дома я стал оправдываться перед отцом, *на ходу сочиняя всякие небылицы, одну нелепее и беспомощнее другой. Когда я окончательно запутался, отец перебил меня, сказав:*

*— Остановись, Расул. Я хочу задать тебе два вопроса.*

*— Задавай.*

— Пальто купил?

— Не купил.

— Деньги истратил?

— Истратил [13, 11-б.].

Бул мисалдагы белгиленген саптар котормочу тарабынан киргизилген, оригинал үлгүдө жок. Экинчиден, бул мисалда тилдик-этикет нормалары бузулган. Себеби келтирилген диалогдогу "Мен сага эки суроо берем, Расул, десе "Бер" ("Задавай") деп одоно жооп берип турат. "Мындай көрүнүш дагестан элинин, анын ичиндеги авар элинин менталитетин таптакыр билбегендик", - деп эсептейт, изилдөөчү З.Маллаева.

Тексттин бул үзүмүн А.Токтогулов мындайча которот: "ЧӨНТӨК ДЕПТЕРДЕН. Студент кезимде атам мага кышкы пальтолук акча салып жиберди. Акчаны жок кылып алып, пальто ала албай калдым. Кышкы каникул болуп, жайында Москвага эмне кийип келсем, дал ошол калыбымда Дагстанга жөнөп калдым.

Үйгө келгенде ар шылтоонун башын айтып, атамдын алдында шыпырынып, актанып кирдим. Жалган айткан курусун, шылтоолорум биринен-бири бош чыгып, акыры таза эмне дээримди билбей, өзүм да адашып калганда, атам мени токтотту.

– Токто, Расул, менин сага эки суроом бар: Пальто алдыңбы?
– Алган жокмун.
– Акчаны жок кылдыңбы?
– Жок кылдым. [6, 11-б.].

Көрүнүп тургандай, А.Токтогуловдун котормосунда тилдик-этикет нормалары бузулган эмес. Ал В. Солоухиндин орусча котормосун кыргызчалаганы менен авар элиндеги тилдик сый-урмат чен-өлчөмдөрүн эске алган.

Жыйынтыктап айтканда, А.Токтогуловдун "Менин Дагстаным" котормосу көп жагынан авар элинин менталитетин кыргыз элинин улуттук дөөлөттөрүнө салыштырып, жакындаштырып которгонун баса белгилөөгө болот. Себеби тоолуктардын жашоо-шарты көп жагынан окшош келет. Ошентсе да, тилдик, этнографиялык, географиялык, философиялык көз караштары жагынан эки элдин ортосунда айырмачылыктар арбын. Тилекке каршы, А.Токтогулов аталган чыгарманы түп нускасынан алып которбостон, В.Солоухиндин орус тилине оодарган үлгүсүнүн негизинде кыргыз тилине которгондуктан, изилдөөчү А.Муртазалиевдин пикиринде: "... адабий көз караштан алып караганда, Гамзатовдун ойлору, берген баалары, кыска поэтикалык саптары, байкоолору, же болбосо, эң маанилүү эстетикалык табылгалары ошол калыбында орус окурмандарына, ал аркылуу башка тилдеги китеп сүйүүчүлөрүнө толук келип жеткен жок" [14, 139-б.].

Албетте, мындай пикирдин чындыгы – түп нусканын орус тилине көптөгөн каталыктар менен которулгандыгы десек болот. Ошентсе да, чыгарманын кыргыз тилине которулган үлгүсү

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынганы – А.Токтогуловдун котормочулук чеберчилигинин мыкты экендигинен, дараметинин бийиктигинен кабар берет.

***Адабияттар:***

1.Абашидзе Г. Путь к сердцу народа. Слово о Расуле Гамзатове / Г. Абашидзе. – Махачкала: Дагкнигоиздат, 1973. – С.227

2.Абуков К.И. Проза поэта К.И. Абуков. У костра, зажженного М. Горьким / К.И. Абуков. – Махачкала: Дагестанское книжное издательство, 1972. – С.108

3.Айтматов Ч. Талант / Ч. Айтматов // Дагестанская правда. – 1968. – 3 февраля

4.Антопольский Л. У очага поэзии / Л. Антопольский // М.: Советский писатель, 1972. – С.312

5.Кочетов В. «Мой Дагестан» Расула Гамзатова. Жанр и герой: Эссе о книге «Мой Дагестан» Расула Гамзатовича Гамзатова (1923 – 2003)/ Владимир Павлович Кочетов// Литературный Дагестан: Сборник/ Составители Н. Алиева и Магомед-Загид Амиршейхович Аминов [1938 – 1996]. – Махачкала: Дагестанское книжное издательство, 1980. – С. 332.

6.Гамзатов Р. Менин Дагстаным / Р. Гамзатов. – “Кыргызстан”. – Ф.,1972, 188 бет.

7.Гамзатов Р. Мой Дагестан / Р. Гамзатов. – Издательство “Молодая гвардия”. – Москва, 1968. – 255 с.

8.Гарбовский Н.К. Теория художественного перевода [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/perevod-kak-hudozhestvennoe-tvorchestvo.pdf

9.Гамзатов Р. Мой Дагестан. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.google.com/url?sa=i&url=https%3A%2F%2Fwww.rasulgamzatov.ru%2Fmoj-dagestan.html&psig=AOvVaw0Qx4BTy-M_qoQKkCQdEla-&ust=1733131000864000&source=images&cd=vfe&opi=89978449&ved=0CAQQn5wMahcKEwjw4uennoaKAxUAAAAAHQAAAAAQBA

10. Гегель Г.В. Эстетика / Г.В. Гегель. – М., 1968. Т. 2. С.326.

11. Магомедова Х.И. Проза Расула Гамзатова: жанровые особенностей. Автореф дисс.. канд. фил. наук. / Х.И. Магомедова. – Махачкала, 2010. - С. 22.

12. Курбакова М.А. Символика грозы в произведениях И.С.Тургенева. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/simvolika-grozy-v-proizvedeniyah-i-s-turgeneva

13. Маллаева З.М. Культурологический аспект перевода на русский язык произведений аварской художественной литературы: на примере книги Р. Гамзатова «Мой Дагестан» / З.М. Маллаева и др. // Полилингвиальность и транскультурные практики, 2021. Т. 18. №4. С. 347—357 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://journals.rudn.ru/education-languages

14. Муртазалиев А.М. Расул Гамзатов и Турция: грани взаимопознания / А.М. Муртазалиев. – Махачкала, 2014. - С.174 .

15. Швейцер А.Д. Теория перевода: статус, проблемы, аспекты / А.Д. Швейцер. – М.: Наука, 1988. – С. 215.